**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЭКОНОМИКА ЖАНА ИШКЕРДИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ведомстволор аралык диссертациялык кеңеш К.08.15.510**

Кол жазма укугунда

УДК____________

**ТУРКБАЕВ АДАМБЕК БОРУБАЕВИЧ**

# КИЧИ ИШКЕРДҮҮЛҮКТҮ ИШТЕТҮҮНҮН ЖАНА ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ЧӨЙРӨСҮН УЮШТУРУУ

Адистик 08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу

(Ишкердиктин экономикасы).

**Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук**

**даражасын изденип алуудагы**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Жалал-Абад, 2016

Диссертациялык иш Экономика жана ишкердик университетинин экономика, менеджмент жана укук кафедрасында аткарылды (Жалал-Абад)

**Илимий жетекчиси:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Мамасыдыков Абдилбает Асанович**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Маматурдиев Гуламжан Мамтурдиевич**
Экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Гыязов Айдар Токторович**

**Жетекчи мекеме:** С.Наарматов атындагы нарын мамлекттик университети, экономика, бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит кафедрасы
адрес: 722600, Нарын ш., Сагынбай Орозбак уулу көчөсү 47.

Диссертациялык жумушту коргоо 2016 – жылдын “__” ___________да Ош мамлекеттик университетинин жана Экономика жана ишкердик университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаттыгын изденип алуу боюнча К.08.05.510 диссертациялык кеңешинин отурумунда корголот. Дареги: 715613, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30.

Диссертациялык жумуш менен Ош мамлекеттик университетинин (дареги: 723500, Ош ш., Ленин көч., 331) жана Экономика жана ишкердик университетинин (дареги: 715613, Жалал-Абад ш., Жеңи-Жок көч., 30) илимий китепканаларынан таанышууга болот.

Автореферат 2016 – жылдын “___” _____________да таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окмуштуу катчысы**
**э.и.к., доцент** **Кулуева Ч.Р.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргызстанда экономикалык реформанын жүрүшүндө эл чарба тармактарын өнүктүрүү, экспортко дүйнөлүк рынокто атаандашкыдай сапаттуу товарларды өндүрүүчү базалык кичи ишканаларды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Айрыкча бул маселе регионалдык денгээлде купулга толоорлук нукта каралып жатканы, келечекте экономиканын өнүгүшү кичи ишканалар менен байланыштуу болору тууралуу кабар берет.

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөтүп жаткандай, региондордо, жер жана агрардык реформаны ишке ашырууда, айыл чарбасын натыйжалуу тармакка айландырууда кичи ишканалардын ролу жана орду эбегейсиз. Ошондой эле кызмат көрсөтүү жана социалдык тармактардын экономикалык багыттарын башкарууда кичи ишканаларды уюштуруу маанилүү роль ойноодо.

Ушул эле учурда кичи ишканалардын ишмердүүлүгүн эффективдүү уюштурууда алардын натыйжалуулугуна жетишүүдө, рынок мамилелерине шайкеш келе турган механизмдерди орнотууда бир топ кыйынчылыктар болуп жатат. Алардын эң негизгилеринен болуп төмөнкүлөр эсептелет.

Мисалы, айыл чарбада 98% дан артык чарбалар кичи дыйкан (фермер), жеке же индивидуалдык чарбалар болуп эсептелет. Алардын материалдык базасынын начардыгынан аларга бөлүнүп берген жерлердин аянты аздыгынан, эгемендүү мезгилдеги ар кандай чарба байланыштары үзүлгөндүгүнөн (мисалы кайра иштетүү өнөр жайы менен) адистердин чарбанын масштабына керек болбогондугунан ж.б. себептерден жогорку өндүрүмдүү чарбалык иштерди жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлбөй калды. Тескерисинче мурдагы кандайдыр бир айыл чарбадагы индустриялашкан деңгээл жоголуп, бара-бара чарбалар натуралды типке айланышып, примитивдүү технологияны пайдаланып өндүрүштү алып келе жатышат. Мындай көрүнүштүн эң негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп кичи чарбалардын чыгарган продукциясын тышкы жана ички рыноктордо уюшкандык түрдө сатуу маселеси алигиче чечилбей келе жатат.

Жогоруда айтылган кемчиликтер кичи бизнестин экономикадагы башка секторлордо да кеңири орун алган.

Мисалы, өнөр жайда, курулушта, транспортто кичи ишканалар тийиштүү экономикалык эркиндик алганына карабастан аларда чыгарылган продукциялар жана көрсөтүлгөн кызматтар атаандаштыкка туруксуздук бере албай жаткандыгы арбын кездешүүдө. Буга мисал болуп учурда экспортко чыгарылган товарлардын дээрлик көпчүлүгү чийки зат боюнча калып, алардын саны импорттолгон товарларга караганда 5 эсе аз.

Дагы бир айта турган нерсе бул кичи ишкердикке тийиштүү экономикалык чөйрө түзүлбөстөн алардын өнүгүүсүнө мамлекеттик колдоо маселелери да канааттандырарлык чечилбей келе жатат.

Кичи ишканалардын ишмердүүлүгүнүн теоретико-методологиялык жактан изилдөөлөрдө да бир топ суроолор келип чыкты. Тактап айтсак кичи ишканалардын регионалдык экономикага тийгизген таасири аларды натыйжалуулугун өлчөө көрсөткүчтөрүнүн аныкталышы ж.б. суроолор. Мисалы, статистикада чарба

отчетторунда да натыйжалуулуктуп эң негизги көрсөткүчтөрүнүн бири аталган эмгектин өндүрүмдүүлүгү көрсөткүчү таптакыр жоголуп кетти.

Ал эми кичи ишканаларды башкарууда экономиканын кээ бир жаңы проблемаларды изилдеп, чечүү керектигин айгинелеп койду. Алардын негизгилеринен болуп рынок мамилелерин өркүндөтүү, атаандаштыкка туруштук бере ала турган товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жасоо, эмгекти мотивациялоону күчөтүү ж.б.

Жогоруда айтылгандардын негизинде чакан ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүү муктаждыгы жана кичи ишканаларды башкарууну жакшыртуу, маселелерди изилдөө темасын тандоого түрткү берди.

**Диссертациялык иштин темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөө демилгелүү (инициативдик) болуу менен, иштин темасы Кыргызстандагы жалпы илимий жана мамлекеттик изилдөө программаларына шайкеш келет. Ошондой эле, бул иш 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, 2020-жылга чейинки экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациясынын стратегиясы жана 2035-жылга чейинки экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациясынын концепциясы менен тыгыз байланышы бар.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты болуп кичи ишканалардын экономикасынын башкаруунун теориялык-методологиялык жана уюштуруу экономикалык негиздерин изилдөө менен өлкө алкагында кичи ишканаларды өнүктүрүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу эсептелет.

**Коюлган максатка жетүү үчүн изилдөөнүн алдында төмөнкү милдеттер коюлду:**

- кичи ишкердиктин экономиканын реалдуу секторундагы ролун аныктоо жана ага кошумча киргизүү;
- кичи ишкердиктин уюштуруу формаларын изилдөө жана аларга таасир этүүчү факторлорду системалаштыруу;
- кичи ишканаларды башкаруунун жана мамлекеттик жөнгө салуудагы теоретикалык жана методологиялык аспектилерин толуктоо;
- кичи ишканаларын уюштуруунун жана иш алып баруунун учурдары абалын талдоо негизинде башкарууну жакшыртуунун резервдерин аныктоо;
- Кыргызстандын эл аралык экономикалык интеграция алкагында кичи ишкердикти мамлекет тарабынан колдоо чараларын көрүү;
- кичи ишкердикти өнүктүрүүдөгү негизги багыттарды сунуштоо;
- кичи ишканалардын келечектеги чыгарган товарларын божомолдоо негизинде башкарууну жакшыртуунун жолдорун аныктоо.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдөн турат:**

- экономиканын реалдуу секторундагы кичи ишканалар ишкердиктин негизги структурасы катары диссертацияда алардын ийкемдүүлүгү, мобилдүүлүгү аныкталып, чоң ишканалар менен биргелешип товар өндүрүүдө мааниси чоң экендиги далилденди. Алардын өндүрүштө өзгөчө орду аныкталып, кичи ишкерлер тарабынан бизнестин өнүгүүсүндөгү таасирлер иреттелди;

- кичи ишкердикте уюштуруу формасы чоң мааниге ээ экендигин эске алуу менен алардын (башкача айтканда уюштуруу формаларын) реалдуу сектордогу колдонулуучу негиздери аныкталды;

- кичи ишкердиктеги башкаруудагы жана мамлекеттик жөнгө салуудагы теоретикалык жана методологиялык аспектерине толуктоо киргизүү. Алардын негизгилери болуп рынок мамилелерине ылайык тийиштүү ийкемдүүлүктү жана мобилдүүлүктү камсыз кылуу менен кичи ишкердикти стимулдаштыруу;

- республикадагы кичи ишкердиктин учурдагы абалын талдоо негизинде башкаруудагы резервдерди аныктап, аларды иш жүзүнө ашыруунун чөйрөсү жана мейкиндиги аныкталды;

- Кыргызстан эл аралык экономикалык интеграция шартында кичи ишканаларга мамлекет тарабынан колдоо чаралары сунушталды;

- кичи ишкердикти өнүктүрүү татаал, көп кырдуу, көп жактуу болгондуктан алардын натыйжалуу багыттарын аныктоо зарылчылыгынан тийиштүү приоритеттер аныкталды;

- экономика-математикалык ыкмаларды колдонуунун негизинде кичи ишканалардын келечектеги чыгарыла турган товарлары божомолдоонун жолдору конкреттүү эсептөөлөр менен аныкталып, алардын башкарууга болгон позитивдүү таасирлери келтирилди.

**Изилдөөнүн практикалык баалулугу.** Кичи ишканаларды башкаруу мейкиндигинде экономиканы өнүктүрүү тууралуу методологиялык принциптердин жана конкреттүү практикалык сунуштардын иштелип чыккандыгында.

Диссертациянын теоретикалык жоболорун, негизги тыянактарын жана сунуштарын мамлекеттик саясатты түзүүдө, экономиканын кичи бизнес жана ишкердик институттарынын ишмердүүлүгүнүн тактикасын жана саясатын иштеп чыгууда колдонсо болот.

Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана “Кичи ишкананы башкаруу”, “Кичи ишканалардын экономикасы”, “Коомдук сектордун экономикасы” деген курстарды окууда колдонулса болот.

**Изилдөөнүн экономикалык баалулугу.** Изилдөөдө азыркы илимдин регионалдык экономикага тийгизген таасири жөнүндөгү теориясын жана методологиясын өнүктүрөт, түшүнүк жана аналитика аппаратын кеңейтет. Изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар кичи ишканаларды башкаруунун аймактык алкагында экономикалык механизмдердин негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

Изилдөөдөгү кичи ишканаларга болгон регионалдык башкаруу модели, ишкердикти модернизациялоону жана өзгөрүүлөрдү изилдөөдө комплекстүү кароого мүмкүнчүлүк берет.

Ошондой эле, изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды жүзөгө ашырууну келечекте кичи ишканалардын экономикасын башкарууну тереңдетүүдөгү инфраструктуранын өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды тартууда жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууда колдонсо болот.

**Диссертациянын коргоого сунушталган негизги жоболору:**

1. Регионалдык кичи ишканалардын экономикасын башкаруу концепцияларын изилдөө, аларды өлкөнү өнүктүрүүдө колдонуу;
2. Аймактык кичи ишканалардын экономикасын башкаруунун методологиялык өзгөчөлүгү жана алардын негизги багыттары, артыкчылыктары, формалары аныкталды;
3. Аймактык кичи ишканалардын экономикалык абалы жана анын өнүгүүгө тийгизген таасири жана алардын негизги багыттары иштеп чыгылды;
4. Кичи ишканалардын өнүгүшүн анализденип жана стратегиялык багыты белгиленди;
5. Кичи ишканалардын логистикалык мүмкүнчүлүктөрү аныкталды.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Бул диссертациялык иштеги аймактык кичи ишканаларды башкаруунун теоретикалык-методологиялык жана практикалык тажрыйбасын изилдөө менен анын түрлөрү аныкталды; аймактык кичи ишканалардын экономикасынын башкарууну натыйжалуулугун аныктоочу индикаторлорунун экономикалык-математикалык моделин иштелип чыгылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Коргоого алып чыгып жаткан негизги тыянактар эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда талкууланган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациянын негизги мазмуну, теориялык тыянактары жана илимий-практикалык сунуштары изилдөөчүнүн 7 макалаларында жарыяланган. Алардын араснда Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы тарабынан сунушталган илимий журналдарга жарыяланган макалалар, Россиядагы илимий цитаталарга ээ болгон журналдарда жарык көргөн жана ушундай эле статустагы Ата-Мекендик илимий журналдарга жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация кириш сөздү, үч бапты, корутундуну, __-сүрөттү, __-таблицаны жана пайдаланылган адабияттардын тизмесин камтыйт.

## Диссертациялык иштин негизги мазмуну

**Киришүүдө**диссертациянын темасынын максаты жана изилдөө багыты, иштин актуалдуулугу жана түзүлүшү келтирилген.

**Биринчи бапта** “Кичи ишкердүүлүктүн иштеринин жана өнүгүүсүнүн теоретико-методологиялык негиздери”, кичи ишкердүүлүктүн экономикасынын реалдуу экономикасынын реалдуу сектордогу орду жана ролу; кичи ишекрдиктин уюштуруу формалары жана алардын ишекердүүлүгүнө таасир эткен факторлор; кичи ишканаларды башкаруунун жана мамлекеттик жөнгө салуунун теориялык жана методологиялык аспектилери каралат.

Кичи ишканаларды аныктоонун бирдиктүү, ар тараптан төп келген критериясы дүйнөлүк деңгээлдеги практикада азырынча жок. Бирок, чарбанын мындай ийгиликтүү өнүгүп жаткан сектору дүйнөнүн кандай өлкөсү болбосун, алардын ар биринин социалдык жана экономикалык өнүгүшүнө, келечектеги багыттарын аныктоого олуттуу таасирин тийгизет.

Кичи ишкердуулуктун онуктуруу багыттырын аныктоодо адегенде бул тушунуко башкача айтканда кичи ишкердуулуко муноздомо беруу зарыл.

Биздин оюбузча ишкердүүлүк көп жактуу жана көп катмарлуу процесс катары бааласак болот. Экономиканын реалдуу секторуна байланыштуу ишкердүүлүктө өндүрүш жана сатуу процессин рационалдуу уюштуруунун негизинде экономикалык пайда чыгаруу. Ошондой эле инновациялык ыкмаларды пайдалануу, уюштурууда жаңы технологиялык, информациялык жаңылыктарды киргизүү менен өзүн-өзү өндүрүү процессин рационалдуу жүргүзүү.

Базармамилелери өкүм сүргөн учурда негизги маселелердин бири болуп суроо талаптын дал келиши эсептелет. Ошондуктан, ишкердүүлүк дагы ушул багытта болушу керек. Жыйынтыктап айтканда ишкердүүлүктүн эң негизги максаты болуп пайда табуу үчүн муктаждыкты издөө жана өз убагында канааттандыруу болуп эсептелет.

Ишкердүүлүк башка экономикалык кубулуштардай эле өзгөрүп турат. Бул өзгөрүүлөр бир жагынан экономиканын жетишкендигине байланыштуу болсо, экинчи жагынан өндүрүш мамилелерине көз каранды. Рынок шартында ишкердүүлүктүн негизги максаттары жана анын өнүгүү динамикасы коомдогу муктаждыктарды канааттандырууга арналган.

Ошондой болсо дагыишкердүүлүктүн өзүнчө предмети, методикасы, жасаган аракеттери аркылуу айырмаланат.

Албетте ишкер жөндөмдүүлүк, чыгармачылык мамилени талап кылат, башкача айтканда ишкер адам такай ишкер адам изденүүдө болуусу зарыл. Ушул эле учурда ишкер адам изденүүчү же илимий изилдөөчү инсандардан айырмаланат. Эгерде илим изилдөөчүлөр чыгармачылык кесипке ээ болгондордун (окумуштуулардын, илим изилдөөчүлөрдүн, жазуучулардын, композитор ж.б. чыгармачыл адамдардын) негизги ишмердүүлүгү экономикалык пайда табуу менен байланышпаса ишкерлердин негизги миссиясы пайда табуу менен алектенет. Экинчи жактан ишкер адамдар такай эле изденүү менен алек болбойт. Алар калыптанган өндүрүш системасы болгон учурда да, өндүрүштү жакшыртуу багытында да иштеп пайда көрүүнү эңсешет.

Албетте ишкер чөйрөсүнүн экономикада ролу чоң, себеби ишкерлердин натыйжалуулугу, алар кандай шартта, кайсы деңгээлде, кайсы жерде иштеп жаткандыгынан да көп нерсе жаралат. Ишкердик чөйрөдө ыңгайлуу климат болуусу зарыл. Эгерде мындай шарт болбосо ишкердик натыйжасы төмөн болушу ыктымал. Бул түшүнүктүү эле болсо керек, себеби ишкердиктин өзү татаал жана жука материя сыяктуу болот. Кандайдыр бир участокто кемчилдик же болбосо андан да орчундуу кыйроо болсо, бул автоматтык түрдө башка участокторго өз таасирин тийгизет. Демек ишкердик бардык жагынан татаал мүнөздүү жана ал комплекстүү жагдайга ээ.

Ишкердикти уюштурууда кандайдыр бир тартипте кичи ишканалардын классификацмясы талап кылынат. Мисалы Кыргыз Республикасында орнотулган эреже боюнча кичи ишканаларга 50гө чейин кызматкерлери бар структура кирет, анын ичинен өзгөчө чакандар 15ке чейин, ал эми экинчи тобуна өтө чакандар 7ге чейин кызматкерлери барлар саналат. Ушул эле учурда кичи ишканаларды өндүрүүнүн көлөмү аркылуу да аныктасак болот. Тактап айтканда, эгерде ишкана бир жылда 500

миң сомго чейин товар өндүрсө же кызмат көрсөтсө, анын ичинен 150 миң сомго чейинкилери өзгөчө кичине ишканалар деп эсептелет.

Өзгөчө көңүл бура турган нерсе бул бизнестеги жеке ишкердүүлүк. Ал экономиканын бардык тармактарында орун алат. Мисалы, айыл чарбада бул үй-бүлөлүк ишмердүүлүк, жеке көмөкчү чарба жүргүзүү, ал эми өнөр жайда же курулушта жеке ишкердүүлүктүн да орду бар. Ушул эле учурда ишкердүүлүктүн орчундуу бөлүгү анын коомдун коллективдик формаларында жүргүзүлөт. Айрым учурда ищкердүүлүк менен өндүрүштү уюштуруу формаларынын тыгыз байланышын белгилөө менен алардын айырмачылыгын дагы белгилеп кетиш керек.

Биздин оюбузча өндүрүштү уюштуруу формадан ишкердүүлүктүн фомасы төмөнкүлөр менен айырмаланат:

- жаңы ишмер ишкердүүлүктүн чөйрөсүн жана өзүн издейт, ал эми тажрыйбалуу ишкер өндүрүштүн технологиясын өзгөртүү жана чыгарылган буюмдардын ассортиментин кеңейтүү менен алек болот;
- базардын (рыноктун) коньюктурасын изилдөө, ошого жараша чечим чыгаруу ишкердүүлүктүн ийкем жумуштарынан болуп эсептелет, ал эми калыптанган өндүрүш структурасында мындай ийкемдүүлүк бир топ кыйынчылыктар менен коштолот;
- ишкер чөйрөсүндө ийкемдүүлүктү камсыз кылууда ишкананын мүмкүнчүлүктөрүн баалоо негизги милдеттери болот. Ал эми өндүрүштө өзгөчө орто жана чоң ишканаларда мүмкүнчүлүктөрдү баалоо бир топ параметрлер менен чектелген;
- ишкердүүлүк атаандаштык артыкчылыктарды пайда кылууда өзгөчө жергиликтүү уникалдуу ресурстарды пайдаланууда өндүрүштүк ишканаларды түзүүгө караганда мөөнөтү жагынан жана уюштуруу маселелери боюнча артыкчылыкка ээ.

Учурдагы тажрыйба көрсөткөндөй кичи жана орто бизнес менен алектенгендер банктардан алган кредитинин ченелүүлүгү өздөрүнүн жеке каражаттарын чегерүүсү, “формалдуу эмес базар капиталын (жоро-жолдошторунун, досторунун, туугандарынын ж.б. акчаларын) колдонуу мүмкүнчүлүгү жагынан айырмаланат. Экономиканын мындай секторунда бизнестин ири түрлөрүнө салыштырмалуу негизги капиталга караганда айланма капиталдын үлүшү бир кыйла жогору экендиги менен айырмаланат.

Кичи ишканалардын негизги функциялары экономикалык негизге келип такалат. Анткени, ишкер биринчиден, ал фирмасына кызматчыларды, жумушчуларды алып, ишке чегерүүчү, экинчиден, товарды чыгаруучу жана тейлөө ишин жүргүзүүчү, үчүнчүдөн, илимий техникалык прогресстин, технологиялык процесстин катализатору, төртүнчүдөн, тиешелүү өлчөмдөгү салык өлчөмүн төлөөчү, бешинчиден, базар экономикасынын шартында калыптанган агент болуп эсептелет.

Ишкердүүлүктүн негизги максаттарынын бири пайда табуу болгондуктан кичи ишкананын абалына келечекте боло турган тенденцияларды аныктоо тийиштүү божомолдорду эсептөө жана ишкананын келечектеги ишмердүүлүгүнүн кулк мүнөзүн аныктоо жана аларга туура багыт берүү да чоң мааниге ээ.

Жогоруда айтылган ойлорго байланыштуу кичи ишканалардын натыйжалуулугун жогорулатууда мамлекеттик билгичтик жөнгө салуу жана колдоо маселелери да чоң мааниге ээ.

Мындай чаралар ушул эле учурда базардык жонго салуулар менен шайкеш болуусун талап кылат. Муну төмөнкү схема аркылуу мүнөздөсө болот.




1 -сүрөт. Кичи ишканалардын ишмердигин жөнгө салуудагы көрүнүштөр.

Маалымат булагы: Автор тарабынан түзүлгөн.

Жогорудагы сүрөт көрсөткөндөй кичи ишканалардын ишмердүүлүгү мамлекет жана базар (рынок) тарабынан жөнгө салынат. Алардын катышын сан тарабынан аныктоо татаал нерсе. Бирок жөнгө салуунун ар биринин өзүнүн ордулары бар, аларды механикалык түрдө же болбосо административдик кийлигишүү менен алмаштырууга болбойт, себеби базар (рынок) функциясын мамлекет аткара албайт жана ошондой эле мамлекеттик функцияны аткаруу базардын (рыноктун) чөйрөсүнө кирбейт.

Дагы бир ишкердикке таандык нерсе бул тобокелчилик, себеби ишкердик өткөндөгү же учурдагы болуп жаткан кубулуштарды камтыбайт. Тескерисинче ишкердик алдыда боло турган жумуштарды чагылдырат. Демек, ишкердикте ар дайым белгисиздик коштоп жүрөт. Мындай болгон соң ишкердик тобокелчилик менен да байланышкан. Айта турган нерсе тобокелчиликти дайым эле терс көрүнүш катары кабыл албаш керек. Себеби ар кандай тобокелчиликте жакшы ийгиликтерге жетүү өндүрүштө болобу же башкаруудабы прогрессивдүү кыймылдарды жасоого умтулуу бар. Демек тобокелчилик бир эле учурда изденүүлөр эффективдүү варианттарды табуу максатында жүргүзүлө тургандыгы дагы ырас.

Тобокелчиликтин объективдүү жактарынан болуп өндүрүш же башка экономикалык процесстерди жүргүзүүдө кичи ишканалар кала берсе салык жана жергиликтүү байланыш органдары, банктар же өндүрүш структурасы менен сөзсүз байланышта болот.

**Экинчи бапта** “Кичи ишканаларды башкаруунун жана иш алып баруунун экономикалык көрсөткүчтөрүнүн учурдагы абалы”, кичи ишканаларды уюштуруу

маселелерин жана аларды башкаруу абалын талдоого; кичи ишканалардын экономикалык көрсөткүчтөрүн баалоого; кичи ишканалардын ишмердүүлүгүндөгү жана аларды башкаруудагы инновациялык ыкмаларын жана чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө каралат.

Эң оболу айтып кете турган нерсе бул кичи ишканаларга болгон муктаждыкты айтып кетуу керек. Мындай муктаждык базар шартына өткөндөн баштап өзгөчө айыл чарбада, соодада, үй тиричилик кызматында, транспортто, коомдук тамактанууда жана башка чөйрөлөрдө келип чыкты.

Кичи ишканалардын иш жүргүзүүсүндө эң чоң ролдордун бири бул менчик түрлөрүнө жана уюштуруу формаларына ылайык экендиги белгилүү. Чакан ишканаларда көбүнчө жеке менчик үстөмдүк кылат, себеби дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй жеке менчик экономикалык эркиндикти либералдык чечимдерди кабыл алууну жана ошондой эле базардагы (рыноктогу) абалды эске алуу менен ийкем жана өз убагында чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүктү түзөт. Ушул эле учурда базардын (рыноктун)талабын аткаруу максатында кичи бизнес дагы атаандаштыкка жөндөмдүү болуш керек. Бул максатта кичи ишкерлер дагы жакшы техникаларды, заманбап технологияны, базардагы (рыноктогу) суроо-талаптарды жакшы деңгээлде анализ аркылуу башкарууну жакшы уюштура алса болот. Төмөнкү таблицада менчик формасындагы ишканалардын экономикалык ишмердиктеринин түрү боюнча келтиребиз (таблица 1).

**Таблица 1. Ишкердиктин менчик формаларынын экономика секторуна бөлүнүшү**

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы:<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 11834<br><br>11113 | 11864<br><br>11143 | 11613<br><br>10912 | 12236<br><br>11534 | 13190<br><br>12499 | |
| **Андан:**Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 354<br><br>329 | 375<br><br>352 | 452<br><br>428 | 411<br><br>386 | 419<br><br>394 | |
| Өнор жай<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 2040<br><br>1900 | 2018<br><br>1856 | 1973<br><br>1832 | 2063<br><br>1921 | 2042<br><br>1915 | |
| Курулуш<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 1276<br><br>1227 | 1294<br><br>1244 | 1231<br><br>1180 | 1310<br><br>1268 | 1399<br><br>1352 | |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 3374<br><br>3229 | 3352<br><br>3204 | 3101<br><br>2955 | 3243<br><br>3087 | 3135<br><br>2965 | |
| Транспорт ишмердиги жана | 583 | 578 | 632 | 721 | 1623 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| жүктөрдү сактоо<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 535 | 535 | 592 | 678 | 1588 | |

Маалымат булагы: Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкердик.

Талдоо көрсөткөндөй жеке менчик ишканалардын 25 пайыздан көбү өзүнүн ишмердигин дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоодо, 16,5 пайыз өнөр жайда, 11,8 пайызга жакыны кесиптик жана илимий техникалык ишмердикте ишке ашырышкан.

Ишканалардын дагы бир уюштуруудагы көрсөткүчү бул аларда иштегендердин саны жана сапаты. Жумушчу күч жалаң гана өндүрүш күчтүн эң негизгиси болбостон, өндүрүш мамилелеринин эң негизги кыймылдаткычы болуп эсептелет. Чындыгында жумушчу күч алардын ичинен өзгөчө инженердик-техникалык кызматкерлер, менеджерлер, уюштуруучулар өндүрүштүн үч факторун (эмгектин каражатын жана предметин, жумуштун өзү) тийиштүү мейкиндикте жана мезгилде бириктирип, каалаган багытта ишкананын иш жүргүзүүсүнө себепкер болот. Ушул эле учурда жумушчу күчтүн пайдаланышы дагы базардын (рыноктун) талабына жараша болот, башкача айтканда жумушчу күчтүн саны базардын (рыноктун)суроо-талаптарына жараша болот.

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй кичи ишканаларда иштегендердин саны жалпысынан туруктуу эмес көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. Мисалы республика боюнча 2010-жылы 88573 жумушчу болсо, ал эми 2014-жылы 100 кишиге аз болгон. Өзгөчө айыл чарбада, өнөр жайда, курулушта, жумушчулардын санынын жыл өткөн сайын азайгандыгы байкалат. Ушул эле учурда соодада кызмат көрсөтүүчү, өзгөчөмейманканаларда, коомдук тамак аш өндүрүшүндө жумушчулардын санынын өскөндүгү байкалат. Албетте мындай көрүнүштөрдү кадимки рынок шартындагы болуп жаткан кубулуштар катары эсептесе болот.

Эң негизгилерден болуп кичи ишканалардын наиыйжалуулугу алардын өндүрүп чыгарган продукцияларына байланыштуу болот. Ар бир өндүрүлгөн буюм өз мейкиндигинде жана өз убагында керектөөчүлөрүн тапса жана тийиштүү баада сатылса өндүрүштүн ийгилиги катары бааласак болот. Мындай деңгээлге жетүүүчүнөндүрүлгөнтоварлар жана кызматтар тийиштүү атаанташтыккка жөндөмдүү болушу керек.

Ушул эле учурда кичи ишкердүүлүктүн өнүгүүсү өлкөдөгү экономиканын абалына жана өткөөл мезгилдеги болуп келген кризистерди жоюуда тарыхый акыбалдарга да байланыштуу. Атап айтсак өткөн кылымдын 90-жылдардагы олуттуу кемчилдиктерден улам кичи ишкердиктин өнүгүүсү ушул кунгө чейин солгундап жатат. Аларга негиз кылып ар түрдүү мисалдарды келтирсек болот. Биринчи иретте айыл чарбасында тийиштүү материалдык база түзүлгөн ири чарбаларды (колхоздор, совхоздор) жоюу аркылуу кичинекей дыйкандык жана фермердик чарбалар эч кандай экономикалык негизсиз кала берсе тийиштүү материалдык базасы жок кичи ишкердик чарбалар түзүлгөн. Мунун натыйжасы мурдагы агрардык индустриялык чарбалардан натуралдык, башкача айтканда кол эмгегин көп талап кыла турган чарбаларга айланган. Ушундай эле көрүнүш, өнөр жайда, курулушта, транспортто ж.б. секторлордо да орун алып келе жатат.

Төмөндөкичи ишканалардын айрым көрсөткүчтөрүн келтиребиз (таблица 2).

**Таблица 2 – Кичи ишканалардын өнөр жай продукцияларынын (ишиердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) айрым түрлөрүнүн көзөмөлү**

| | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан эгиндеринин уну, миң тонна<br>чакан ишканалар | 188,4<br>66,7 | 136,8<br>41,2 | 195,4<br>47,6 | 152,8<br>41,1 | 276,2<br>82,8 | 312,8<br>96,7 |
| Өсүмдүк майы, тонна<br>чакан ишканалар | 2411,8<br>2329,9 | 1935,5<br>1820,1 | 585,5<br>585,5 | 363,3<br>2,3 | 383,8<br>5,9 | 378,9<br>5,0 |
| Көңдөй, кызартылбаган макарон азыктары, тонна<br>чакан ишканалар | 8531,2<br>184,5 | 8944,7<br>283,5 | 4190,6<br>400,6 | 7186,1<br>39,1 | 10951,3<br>311,8 | 12437,1<br>427,5 |
| Газдаштырылган татту эмес жыттандырылбаган минералдык суулар, миң тонна<br>чакан ишканалар | 4854,7<br>4498,1 | 7111,9<br>5988,1 | 8343,5<br>3797,5 | 10432,4<br>3143,3 | 9559,7<br>2182,2 | 10134,6<br>2348,1 |
| Этил спирти, миң тонна<br>чакан ишканалар | 2357,0<br>2357,0 | 2329,4<br>137,4 | 2817,9<br>86,9 | 2849,1<br>93,1 | 4483,5<br>414,5 | 5173,9<br>512,8 |
| Бут кийим, миң түгөй<br>чакан ишканалар | 3085,4<br>3085,4 | 5012,7<br>5012,7 | 2589,6<br>2589,6 | 2038,8<br>2037,2 | 3007,4<br>3007,4 | 3289,3<br>3289,3 |
| Бөтөлкө, флакон, жана ушул өңдүү пластмассадан жасалган буюмдар, миң даана<br>чакан ишканалар | 166,9<br>0,8 | 205,2<br>3,2 | 222,1<br>14,8 | 392,1<br>101,2 | 258,3<br>3,2 | 342,3<br>9,4 |
| Эшик, терезе, алардын четиндеги жыгачтары, эшиктин босогосу, жалюзи жана ушул өңдүү буюмдар, миң кв.м<br>чакан ишканалар | 54,8<br>54,8 | 68,4<br>68,4 | 46,1<br>46,1 | 51,4<br>51,4 | 47,2<br>47,2 | 42,9<br>42,9 |
| Эмерек, млн. сом<br>чакан ишканалар | 278,9<br>184,8 | 337,8<br>140,9 | 429,7<br>180,2 | 487,7<br>178,3 | 424,1<br>148,8 | 46,6<br>162,9 |

Маалымат булагы: Кыргыз Улуттук статистикалык комитети.

Таблица көрсөткөндөй изилдөө мезгилинде өнөр жай товарларын чыгаруунун көлөмү ар түрдүү көрүнүштө болду. Мисалы, дан өндүрүү, макарон өндүрүүлөр жана бөтөлкө пластмассалык буюмдар өскөн, калган продукцияларды өндүрүү, мисалы этил спирти, бут кийим чыгаруу, эмерек жасоо ж.б. көлөмү азайган. Муну рынокто суроо-талаптар менен түшүндүрсө болот.

Кичи жана орто ишканалар республиканын аймагы боюнча бир кылка орун алган эмес. Булардын басымдуусу экономика секторлору дурус өнүккөн шаарларда, региондорунда жайгашкан. Алсак, булардын 64,7% Бишкекке, 11,0% Чүй областына, 6,2% Ош шаарына, 3,9% Жалал-Абад областына туура келет. Ишканалардын санынын акыркы 8 жылдын ичиндеги өсүү тенденциясы эң эле түрдүүчө. Көрүнүп тургандай республика боюнча чакан ишканалардын саны бир азга арбыган. Ушундай эле

тенденция Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Чүй облустарында, ошондой эле Ош шаарында байкалган.

Албетте кичи ишканалардын өнүгүүсүнүн эң негизги себептеринин бири бул ички жана тышкы инвестицияларды тартуу болуп эсептелет. Инвестициянын негизги багыттарынан болуп өндүрүштүн потенциалын жогорулатуу жана өндүрүш кубаттуулугун кеңейтүү гана эмес өндүрүштү өзочө территориялык, регионалдык атаандаштык артыкчылыгын түзүү болуп эсептелет. Ишканалардын атаандаштык көрсөткүчтөрү канчалык жогору болсо, аймактын экономикасынын көрсөткүчү дагы татыктуу болот. Бирок ушул эле учурда инвестицияны тартуу экономикадагы секторлорго да байланыштуу болот (таблица 3).

**Таблица 3 – Инвестицияны кичи ишканалардын негизги капиталына экономика секторлору боюнча колдонуунун абалы (млн.доллар)**

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы<br>чакан ишканалар | 162,2<br>132,9 | 204,5<br>171,1 | 242,7<br>128,5 | 303,3<br>233,2 | 216,2<br>134,1 | 239,7<br>142 |
| **Андан:** Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук<br>чакан ишканалар | 0,0<br>0,0 | 0,0<br>0,0 | 2,0<br>0,0 | 0,3<br>0,3 | -<br>- | 3,0<br>3,0 |
| Өнор жай - бардыгы<br>чакан ишканалар<br>анын ичинде: | 14,1<br>12,8 | 42,7<br>40,4 | 94,8<br>20,0 | 62,7<br>53,2 | 70,9<br>21,7 | 72,6<br>42,5 |
| Курулуш<br>чакан ишканалар | 12,9<br>11,0 | 7,9<br>7,9 | 27,8<br>27,8 | 15,5<br>13,2 | 20,0<br>18,4 | 16,0<br>12,3 |
| Дүң жана чекене соода: автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо<br>чакан ишканалар | 52,6<br>30,0 | 20,7<br>20,0 | 30,8<br>21,8 | 66,6<br>31,8 | 37,7<br>22,3 | 32,1<br>18,0 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо<br>чакан ишканалар | 0,2<br>0,2 | 23,3<br>0,5 | 6,5<br>3,4 | 10,1<br>0,3 | 6,0<br>1,0 | 2,0<br>0,2 |

Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети.

Жогорудагы таблица көрсөткөндөй экономика секторлорунун ичинен чакан ишканалардыкы транспорт жана байланыш комплекси, соода, автомобиль оңдоо, мейманкана, ресторан башкы орунду ээлейт. Ал эми инвестициялардын эң аз көлөмү айыл чарбасында жана транспорт тармактарында болгон мындай көрүнүштү калыптанган нерсе катары дагы түшүнсө болот.

Инвестиция менен катар кичи ишкердүүлүктүн абалын эффективдүүлүктүн, тактап айтканда пайданын көлөмү аркылуу да аныктасак болот. Республикада тилекке каршы пайдалуу кичи ишканалардын саны 50%га жетпейт, аларга караганда орто бизнестин ишканалары бир топ эле натыйжалуулукту көрсөтөт. Анткени алардын

дээрлик көпчүлүгү пайдалуу ишканалар болуп эсептелет. Ушул эле учурда кичи ишканалардын түзүлүшү биздин оюбузча эң керектүү көрүнүш катары баалашыбыз керек. Биринчиден кичи ишкана бизнестеги биринчи кадам болуп эсептелет да, кытай элинин макалындай ар кандай жүрүмдөр биринчи кадамдан башталат дегендей эле болсо керек. Экинчиден кичи ишканалар бара бара орто ишканаларга айланып, алардын өткөөл чегарасы билинбей эле калат, башкача айтканда кичи бизнестин чоң бизнеске айлануусунда алар трамплин сыяктуу ролун ойнойт. Мындан да маанилүү нерсе кичи ишканалар аркылуу бизнести үйрөнүүгө болот да, бул чөйрөнүн таттусунда, ачуусун да көрсө болот.

Дагы бир кичи ишкердүүлүктүн натыйжалуулугун өстүрүүдөгү чара бул иновациялык ыкмаларды жана чет элдик тажрыйбаларды колдонуу. Айтсакбизге кичи ишканаларды башкаруудагы жана уюштуруудагы тажрыйбаларды колдонуу жагынан эң жакыны биздин оюбузча Кытай Эл Республикасы турат. Себеби КЭРдин тарыхый басып өткөн жолу, анын ичинен бизнестеги тажрыйбасы бизге жакын, ал эми айрым шарттар кошуна өлкө катары элдин менталитети жагынан да айрым окшоштуктар байкалат.

Кытай Эл Республикасынын тажрыйбасынын бир кана корунушуно кайрылсак учурда 500 бизнес инкубатор, анын ичинен 200 ашуун турдуу “Инкубатордук илимий – техникалык ишканалар” иштеп турат. Булардын ичинен 109 бизнес-инкубатор кичи жана орто бизнести колдоочу улуттук борбору аркылуу сертификацияланган. Мындай зор өлкөдөгү базар алкагында өтө айыгышкан атаандаштыктын чукул мезгилдин ичинде калыптанышы кичи жана орто бизнестин өнүгүшүнүн эң башкы факторуна айланган.

Жогоруда айтылгандай тажрыйбаларды башка олколордун мисалында да корсо болот. Өзгөчө КМШ өлкөлөрүнөн Россия федерациясынын, белоруссиянын, казакстандын тажрыйбалары, алардын ичинен өкмөт тарабынан кичи ишкердүүлүккө колдоо корсотуу тажрыйбалары көң буруугa татыйт.

Кичи жана орто ишканалардын ишмердүүлүгү өлкөнүн тышкы байланыштарын уюштурууда чоң салымдары бар. Бул чөйрөдө кызматкерлер, адаттагыдай салыштырмалуу жаштар жана орто жаштагы кызматкерлер түзөт. Алар өндүрүшкө жаңылык киргизүүгө, ички жана тышкы орундарга татыктуу орун алуу аракеттери. Бизнестен пайда табуунун жолдорун издешет. Мындай аракеттер экспорттук жана импорттук операцияларга түздөн-түз таасирин тийгизип, кала берсе Кыргызстанда көп жылдан бери калыптанып калган импорттун көлөмүн экспортко караганда бир топ жогору болгон терс көрүнүштөрдү жоюуга да көмөктөш болот. Тилекке каршы азырынча экспорт менен импорттун катышы терс мүнөздө (таблица 4).

**Таблица 4 – Чакан бизнестин аймактар боюнча экспорттук жана импорттук операциялары (миң доллар)**

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экспорттук операциялар** | | | | | | |
| Кыргыз Республикасы | 228650,6 | 338698,8 | 452074,7 | 457039,1 | 323853,7 | 3319009,5 |

| **Импорттук операциялар** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 1270661,7 | 1345205,8 | 1588362,9 | 1736303,1 | 1663784,6 | 1550450,3 |

Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети.

Таблицадагы маалыматтарга ылайык кичи ишканаларда колдонулган импорт товарларынын көлөмү экспорт товарларына караганда республика боюнча 2014-жылы 5,13 эсе көп. Башкача айтканда импорттун көлөмү 1663784,6 АКШ доллары болсо, экспорт араң 323853,7 АКШ долларын түздү. Бул деген Республикадагы тышкы иштер байланышында олуттуу көйгөйлөр бар экендигин билдирет. Ошондуктан экспортко багытталган товарларды көбөйтүү кичи бизнестин дагы бирден бир перспективалуу маселеси катары карасак болот.

Дүйнөлүк деңгээлден алып караганда кичи жана орто бизнести өнүктүрүү жагынан Корея Республикасынын дагы бай, башкаларга үлгү болгудай тажрыйбасы бар. Булардын экономикасын өнүктүрүүдөгү эң башкы ийгилиги, негизги фактору катары трансферттик (латынчадан которгондо өткөрүү, которуу маанисин билгизет) технологияны колдоно билгендиги менен айырмаланат. Өлкөдө технологиянын үлгүлүү, жаңы түрлөрүн негизинен импорттоо же лицензиялоо, чет элдик инвестициянын жардамында, ошондой эле өндүрүш каражаттарын импорттоо аркылуу ишке ашырууга жетишкен.

Кандай кана кичи жана орто ишкана болбосун алардын чыгарган товарларынын чыгарган товарынын саны, өндүрүштүн өсүшү жана атаандаштык жөндөмдүүлүгү инновацияны колдонууга дагы тыгыз байланыштуу. Инновацияны жаңы продукцияны базарга алып чыгуу менен чектөөгө болбойт. Анын учурдагы маанисин кыйла кеңири кароого туура келет. Тагыраак айтканда төмөндөгүдөй жаңылануну дагы камтыйт: жаңы же жакшыртылган продукциянын түрлөрү (продукциялык инновация); жаңы же жакшыртылган тейлөө (тейлөө инновациясы); өндүрүштүн жана технологиянын жаңыртылган багыттары; ишканадагы социалдык мамилелердин өзгөрүлүшү; жаңы жана өркүндөтүлгөн өндүрүш системасы; эл аралык деңгээлдеги инновацияны колдонууга, аларды жаңыртып турууга жетишүү, тиешелүү каражатты жумшай билүү.

**Үчүнчү бапта**“Кичи ишканаларды башкарууну жакшыртуу жана аларга экономикалык чөйрө түзүү жана аларды өнүктүрүүнү жана келечекте жөнгө салууну оптимизациялоонун башкы багыттыры”, Кыргызстандын эл аралык интеграция шартында кичи бизнести өнүктүрүүнү мамлекеттик деңгээлде колдоо чаралары; кичи ишкердикти өнүктүрүүдөгү негизги багыттар; кичи ишканалардын чыгарган продукцияларын экономика-математикалык ыкмалардын жардамы менен божомолдоо, башкарууну жакшыртуунун фактору катары кароо (Жалал-Абад облусунун мисалында) каралган.

Кичи ишкердүүлүктү мамлекет тарабынан жардам көрсөтүүнүн негизги багыттарынын бири болуп ар кадай эл аралык бирикмелердин алкагында кичи бизнести колдоо болуп саналат. Буга мисал болуп Евразиялык экономикалык бирикмеси (ЕАЭБ) эсептелет. Мындан тышкары ар түрдүү эл аралык байланыштарды жана өлкөнүн ичинде башка чөйрөлөр менен (Мисалы: финансалык кредиттик банктар тарбынан акча жүргүзүү, жергиликтүү бийликтер тарабынан колдоолор ж.б.у.с.) иш жүргүзүү байланыштарын айтсак болот.

Чакан бизнести колдоого жана натыйжалуу өнүктүрүүгө көп жылдардан бери Бүткүл дүйнөлүк банктын, Азиянын өнүктүрүү банкынын, Немистердин банкынын (КФВ), ошондой эле бир катар эл аралык финан-сылык мекемелердин кредиттик ресурстары чегерилип келет. Ишкердиктин мындай түрүнө чакан кредиттерди көбүнчөсү ПРООН, ФИНКА, мындан тышкары кээ бир коммерциялык банктар сунуштап, тейлеп келүүдө.

Дагы бир айта турган нерсе кичи ишкердикти онуктурууну эмгек базары иштоосу менен байланыштырса болот. Тактап айтканда ишкердин ишкердикти өнүктүрүү жана кайра түзүү аракеттеринде эмгек базарындагы (рыногундагы)иш маанилүү орунду ээлейт. Айрымдар эсептегендей Кыргызстандын базарында (рыногунда) жумушчу күчтүн максатсыздыгы өндүрүштүк ресурстардын эң арзан бааланып, акыркы жылдары начарлоо тенденциясы жана турукташтыруу байкалды. Мамлекеттик экономкалык сектордогу жумушчу күчүнүн агымы, мамлекеттик эмес жана ишкердик жаш секторлордо турукташып жатат. Себеби белгилүү болгондой өзүнүн өнүгүү этабында 1991-2000-жылдары ишкердик сектору жогорку компенсацияланган мүмкүнчүлүккө ээ болгон. Бул потенциал азыр дагы күчөтүлдү. Башка тараптан алганда жаңы өзгөрүүлөр, тенденциялар эмгек базарына (рыногуна), анын ичинде ишмердиктин чөйрөсүнө кирип, тиешелүү укуктук негиз ачуусу керек. Ошону менен катар биздин ишмердик көпчүлүк ишке камсыздоонун кескин кыскартылышы, бир нече ишсиздердин абалы экономикалык жактан эле эмес, укуктук жактан каралбай калды.

Ишкананын кадрдык потенциалын камсыздоосун сактоо зарылдыгын эске алып, укуктук көзөмөлдөө атайын закон менен корголушу зарыл. Сөз бир нече миң жумушчулар, алардын бир иштен экинчи ишке өтүшү, жогорку квалификацияны эске албаганы жана иш издеп башка республикага чыгып кетүүсү жөнүндө маселе көтөрүлдү. Сунушталган закон компенсациялык төлөмдөрдү төлөөшартын, анын өлчөмүн компенсацияга тиешелүү укуктарын караштыруусу керек. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине өзгөртүүлөрдү киргизип, анда учурда өз алдынча ишкердик учурунда калк салык төлөмдөрдүн төлөөнүн шарттарын киргизүү керек.

Азырынча бул ишкердикти көзөмөлдөөчү натыйжалуу жол көрсөтүлбөй, ар кандай тыйуу салган же карама-каршы чаралар өз аралык ишмердиктин жыйынтыгы боюнча маселен аткаруучу бийликтин укуктары көрсөтүлбөгөн.

Иш менен камсыздоону легалдаштыруу чечими боюнча өнүгүү шартында төмөндөгү баскычтарды белгилөө зарыл.

Белгилүү болгондой ишкердик ишмердигин активдештирүү, жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүү же турукташтырууга алып келет. Кыргызстандын шартында мындай саясатка айыл чарбасына социалдык тейлөө чет өлкөдө иштөөчүлөргө багытто керек. Ата мекендик ишмердик укуктарын корго үчүн чет өлкөдө иштегендердин жана Кыргызстанда иштегендердин укуктарын татыктуу камсыздоо милдети турат. Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй мындай учурда өлкөлөр аралык, өкмөттөр аралык келишимдер түзүлөт.

Чакан жана орто бизнестин дагы бир приоритети болуп – бул калктын социалдык абалына оң таасир этчү чаралар болуп саналат. Албетте бул жалаң гана

айыл чарба секторуна гана таандык эмес, бул бирдей укукта өнөр жайга да, курулуш, транспорт жана башка секторлордун дагы түздөн-түз милдети.

Бул багытта кичи ишкердиктин багыттарын божомолдоо маселелери да айрым жагымдуу шарттарды түзөт. Ишкананын иш аракеттеринин тыкандык менен иштелип чыккан божомолдоосу ишкердиктин илимий-техникалык өнүгүшүнүн, социалдык, тышкы-экономикалык ж.б. иш-аракеттеринин калыптанышы үчүн белгилүү бир шарттарда "эмне жана кандайча" негиз болушуна жеткиликтүү түшүнүк берүүгө тийиш. Ошондуктан ишкананын иш-аракеттерин божомолдоонун милдеттери катары ишкананы базар жагдайында мүмкүн болуучу өзгөрүүгө, базар экономикасынын капысынан келип чыккан факторлорунун ыңгайсыз шарттарына туруштук берүүгө даярдоо ишкердиктин башкы көйгөлөрүнүн катарынан орун алат. Божомолдоолор талаш-тартышсыз, өзгөрүүлөр далилсиз эле чындык болбой тургандыгы табигый иш, тескерисинче, алар мүмкүн болгон өзгөрүүлөргө тез ылайыкташылган каражат болушу учур талабына шайкеш келет.

Жумушта так божомолдорду аныктоо учун Жалал-Абад облусунун Кара-Ункур кичи ишканасынын мисалында экономика-математикалык ыкмаларды колдондук.Божомолдоонун негизин ишкананын учурдагы абалын талдоо болуп эсептелет. (Таблица 5).

Таблица 5. Кызыл-Үңкүр кичи ишканасынын 2010-2014-жылдардагы иштеп чыгарган продукциялар тууралу маалымат. (миң сом).

| Жылдар | ИЧП | Жумшак мебель | Диван | Стул | Тумба | Кроват-тар | Стол | Декорация | Кресло | Жана башка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2010 | 6569,4 | 1929,1 | 723,6 | 580,2 | 544,7 | 250,9 | 155,7 | 772,1 | 22,5 | 1590,7 |
| 2011 | 6974,0 | 2027,8 | 1308,9 | 790,3 | 628,3 | 273,9 | 199,5 | 806,1 | 25,3 | 1013,8 |
| 2012 | 9509,9 | 3170,5 | 1137,8 | 1067,7 | 529,1 | 354,5 | 212,6 | 843,1 | 26,6 | 2168,1 |
| 2013 | 11927,1 | 4283,5 | 1416,0 | 1390,7 | 578,6 | 368,6 | 312,4 | 1395,5 | 54,8 | 2177,1 |
| 2014 | 12032,3 | 2591,9 | 1454,6 | 1844,2 | 580,7 | 387,3 | 342,5 | 1450,6 | 58,5 | 2215,3 |
| Сумма | 47012,7 | 16012,8 | 6040,9 | 5673,1 | 2861,4 | 1635,2 | 1222,7 | 5267,4 | 187,7 | 9165,0 |
| Орточо | 9402,54 | 3200,56 | 1208,18 | 1134,62 | 572,28 | 327,04 | 244,54 | 1053,48 | 37,54 | 1833,0 |

Маалымат булагы: Автор тарабынан түзүлгөн.

Булмаалыматтарбелгилегендей, чыгарылганпродукциялarбири-бириmeненфункционалдыкбайланышта болот. Ошондуктан, алардынбайланышынчагылдыруумаксатындатогузфактордонтурган (ар бир продукция – фактор катары кабылданат).

Жумушта коррекциялык талдоолор математикалык ыкмалардын негизинде жүргүзүлгөн. Натыйжада ишканадан келечекте түшө турган салыктардын көлөмү, акча каражаттарынын айланышы, жумушчу күчүнүн саны жана башка көрсөткүчтөрдүн божомолдору аныкталып иреттелген.

## Корутунду жана сунуштар

Кичи ишкердикти иштетүүнүн жана туруктуу өнүктүрүүнүн экономикалык чөйрөсүн уюштуруу маселелеринин теоретико-методологиялык негиздерин изилдеп, алардын учурдагы экономикалык көрсөткүчтөрүнүн абалын аныктап жана тийиштүү

сунуштарды берүү максатында төмөндөгүдөй корутунду чыгарууга жана сунуш киргизүүгө болот:

1. Кичи ишканалар дүйнөлүк практика көрсөткөндөй экономикадагы реалдуу сектордо динамикалык түрдө өсүп жана кеңейип жаткандыгы учурдагы уюштуруу феномени катары бааласак болот. Экономиканын кичи бизнес сектору базар мамилелеринин шартында мааниси, өлкөнүн ички дүң продукциясындагы үлүшү жагынан өтө орчундуу орунду ээлейт. Ушундай артыкчылыгы бири экинчисине олуттуу байланыштуу, негиздүү төмөнкүдөй үч функциясы аркылуу аныкталат: экономикалык, социалдык жана саясий.

Ушундай өңүттөн алганда Кыргыз Республикасынын учурдагы өнүгүү баскычында кичи бизнестин потенциалдык мүмкүнчүлүгүн так аныктоо, ишке ашырууну жөнгө салуу башкы көйгөйлөрдүн бири катары эсептөө зарыл. Ушундай кам көрүү экономика секторлорун диверсификациялоого эле шарт түзбөстөн, бир катар өзөктүү социалдык жана экономикалык маселелерди чечүүгө барандуу көмөгүн тийгизет.

2. Кичи ишкердиктин натыйжалуулугун өнүктүрүүдө алардын уюштуруу формасын аныктоо чоң мааниге ээ жана ошону менен бирдикте кичи бизнестин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн туруктуу жогорулатуу үчүн эң алдыда ресурс түрлөрүн топтоо, өздүк мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү, өндүрүштүн ич ара байланышын табуу керектөөчүлөр, өнөктөштөр жана атаандаштар менен туура алака түзүүнүн ыңгайлуу стратегиясын иштеп чыгуу өтө маанилүү. Ушундай стратегиянын бир олуттуу багытынын бири тигил же бул ишкананын көлөмү чакан, ошол эле учурда анын чыгарган продукциясы, тейлөө чөйрөсү сапаттуулугу менен айырмаланууга тийиш.

3. Ишкердикти калыптандыруу жана андан ары карай натыйжалуу өнүктүрүүнү мамлекет тарабынан жөнгө салуу, ошондой эле кичи ишкердиктин келечектеги багытын аныктоо учурунда талаптын негизин түзөт. Мунун өзөгүн төмөнкүдөй стратегиялык багыттар камтыйт:

- ишкердикти чоң кичинесине карабастан бардык түзүмдөрүнө инновацияны үзгүлтүксүз жана кеңири колдонуу;
- ишкердике таасирин тийгизүүчү жана башкаруу чөйрөсүндөгү тобкелдикке тиешелүү инновациялык өзгөрүүлөрдө, башкы, келечектүү багыттарын алдыртан байкоо, тиешелүү камылга көрүү.

4. Изилдөө жана талдоо көрсөткөндөй акыркы жылдар ичинде экономиканын кичи ишканалар сектору, ички саясий абалдын татаалданышына карабастан жайланган калып менен болсо дагы өнүгүп жатты. Кичи ишканалардын өндүрүштүн салыштырма салмагы ички дун продукцияга карата 2000-жылы 70% дан 2015-жылдын башына 86,4%га чейин өстү, анын ичинен кичи жана орто ишкердиктин салыштырма салмагы ИДПга карата 31% дан 43,6%га чейин өстү тийиштүү түрдө. Айыл чарба жана кызмат көрсөтүү экономикасында жекече сектор басымдуулук кылат өндүрүштүн жана кызмат көрсөтүүнүн жалпы көлөмүнөн 90% дан жогору, ал эми өнөр жайында болсо 20% дан жогору. Кичи субъектилеринин 90% дан көбүрөөгү айыл чарбасында, кызмат көрсөтүүдө, соодада жана жеңил өнөр жайында топтолгон, жумушка жөндөмдүү калктын санынан ашкан жумушчу орундарын жана өздүк иш кылууну камсыз кылат.

Акыркы мезгилде республикада жана анын аймактарында кичи ишкердиктин субъектилериндеги сан жагынан өсүү даана байкалып, белгилүү өлчөмдө натыйжасы чыгууда. Ишкердиктин мындай түрүндө экономикалык негизги көрсөткүчтөр экономиканын калган секторлорунукуна салыштырмалуукыйла жогорку өсүштө экендигименен дагы айрымаланат. Ушундай жагдайдын калыптанып жатышы өндүрүштү өнүктүрүүдө, тейлөө иштеринде ийкемдүүлүк, инновациялык изденүүчүлүк арбындыгын жана өлкөнүн экономикалык өсүшүнүн олуттуу булагына айлангандыгын, келечекте бул тенденция күчөй тургандыгын толук ырастайт.

Ушул эле учурда кичи ишкердикти уюштурууда олуттуу кемчилдиктер бар экендиги аныкталды. Алардын арасында кичи ишкердикти мамлекет тарабынан колдоосундагы жетишсиздик, кичи ишканалардын иштөөсүндөгү туруксуздук, алардын материалдык-техникалык базасынын начардыгынан жаңы технологиялардын аз колдонулушу, ишкер чөйрөсүндөгү адистердин профессионалдык деңгээлинин төмөндүгү жана башкалар болуп эсептелет. Мунун бардыгы башкарууну жакшыртуунун резервдерин түзөт.

5. Тышкы базар алкагында кичи ишкердиктин ишканаларынын товарларынын атаандаштык артыкчылыгын камсыз кылуу, кызыкчылыгын коргоо максатында, ошондой эле алардын экспорттук потенциалын кеңейтүү, мыкты технологиялык, илим арбын талап кылган инновациялык продукцияларды арбытууга жетишүү үчүн эң алдыда булардын экспорттук продукциясынын мамлекет тарабынан колдоонун соода – экономикалык, уюштуруу, финансылык, маалыматтык, инновациялык багыттары боюнча иштиктүү чараларды даярдоо жана колдонуу керек. Бул үчүн республиканын экономикалык секторлорундагы экспорттук товарларды чыгарууга жарагыдай, келечеги кең кичи ишкердиктин багытын так, илимий негизде аныктоо керек.

Экспортко жөнөтүлүүчү товарларды, тейлөө көрсөтүү кызматтарды жөнгө салуунун максаты эң эле түрдүүчө экендиги белгилүү. Ушундай жагдайды эске алуу менен Өкмөт жаратылыш сырьелорун, чийки заттарды экспорттоону кыскартып, жергиликтүү ишканаларды тиешелүү сырье, материал жагынан камсыздап, калкты иш менен камсыздап, даяр товарларды арбын чыгарып, экспорттун мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнүн негизинде казнага валютаны көбүрөөк түшүрүү жагын экономикалык саясатын башкы багытына айландырышы зарыл.

6. Кичи ишкердиктин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында тийиштүү экономика чөйрөсүн уюштуруу приоритеттердин мейкиндиги болуп эсептелет. Аларга ар түрдүү багыттар кирет. Кандай гана кичи ишкана болбосун алардын чыгарылган товарларынын саны, өндүрүштүн өсүшү жана атаандаштык жөндөмдүүлүгү инновацияны колдонууга дагы тыгыз байланыштуу. Инновацияны жаңы продукцияны базарга алып чыгуу менен чектөөгө болбойт. Анын учурдагы маанисин кыйла кеңири кароого туура келет. Тагыраак айтканда төмөндөгүдөй жаңылануну дагы камтыйт: жаңы же жакшыртылган продукциянын түрлөрү (продукциялык инновация); жаңы же жакшыртылган тейлөө (тейлөө инновациясы); өндүрүштүн жана технологиянын жаңыртылган багыттары; ишканадагы социалдык мамилелердин өзгөрүлүшү; жаңы жана өркүндөтүлгөн өндүрүш системасы; эл аралык деңгээлдеги инновацияны колдонууга, аларды жаңыртып турууга жетишүү, тиешелүү каражатты жумшай билүү.

7. Кичи ишканалардын жана жалпы эле ишкердик чөйрөсү көп өзгөрүүлөргө дуушар болот, ошондуктан ишкердикти башкарууда дагы бир топ мурун тааныш эмес ыкмаларды колдонууну талап кылат, алардын эң орчундуусу ишкананын келечектеги жүрүм – турумун билүү, алардын чыгарган товарлардын же кызматтардын көлөмүн аныктоо болуп эсептелет. Бул маселени чечүүдө практикада кеңири түрдө экономика-математикалык ыкмалар колдонулат. Ошондуктан диссертацияда кичи ишкердикти 2020-жылга чейин божомолдоодо Жалал-Абад облусунун статистикалык маалыматтардын негизинде графиктердин жардамы менен экономика-математикалык моделдер түзүлүп, негиздемеге кеңири орун берилди. Мунун жыйынтыгына ылайык келечекте, биздин эсеп боюнча, кичи ишкердиктин ишканаларынын саны салыштырмалуу азайып, калкты жумуш орду менен бир нече эсеге көбөйүп, салыктан түшкөн каражаттын көлөмү 2 эсеге арбып, инновациялык нуктагы технологиялар кеңири камтылган өндүрүштү кеңири колдонуу сунуштары берилген.

**Диссертациянынтемасыбоюнчажарыккачыкканэмгектеринтизмеси:**

1. Туркбаев А.Б.Инвестиционная деятельность предприятий малого бизнеса [Текст] / Туркбаев А.Б., Торогелдиева А.Б. // Материалы 10 международной научно-практической конференции«Проблемы экономики, организации и управления в России и мире». Прага, Чешская Республика, 18 декабря 2015г. –С. 155-160.
2. Туркбаев А.Б.Развитие малого бизнеса и предпринимательства в современных условиях [Текст] / Туркбаев А.Б., // Материалы 10 международной научно-практической конференции«Проблемы экономики, организации и управления в России и мире». Прага, Чешская Республика, 18 декабря 2015г. –С. 160-164.
3. Туркбаев А.Б.Малый бизнес и предпринимательство в современных условиях развития общества [Текст] / Туркбаев А.Б., // Материалы Международной научно-практической Интернет-конференции «Проблемы современной экономики и образования», 6-7 февраля 2014г.Том 1. Издано Алматинской академией экономики и статистки г.Алматы.
4. Туркбаев А.Б.Об инвестиционной деятельности субъектов малого бизнеса в условиях рынка [Текст] / Туркбаев А.Б., // Материалы Международной научно-практической Интернет-конференции «Проблемы современной экономики и образования», 6-7 февраля 2014г.Том 1. Издано Алматинской академией экономики и статистки г.Алматы.
5. Туркбаев А.Б.Методы экономического прогнозирования будущего выпуска производимой продукции на предприятиях Жалал-Абадской области [Текст] / Туркбаев А.Б., Мамасыдыков А.А.// Международный теоретический научно-практический журнал. Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран ЦА. №2, 2015г.
6. Туркбаев А.Б.Кичи ишканалардын ишкердикти өнүктүрүүсүн жөнгө салуу жана

аларды оптимизациялоо [Текст] / Туркбаев А.Б.// Известия ВУЗов Кыргызстана, №3, 2016 г.

7. Туркбаев А.Б.Основы и направления экономического управления малыми предприятиями в Кыргызстане. [Текст] / Туркбаев А.Б.// Научно-методический журнал «Проблемы современной науки и образования».Москва, 2016.«7» (49).
8. Туркбаев А.Б.Прогнозирование объема продукции, выпускаемой малыми предприятиями Кыргызстана [Текст] / Туркбаев А.Б.// XXX Международная научно-практическая конференция "Проблемы современной экономики" (МЭ-30)ЦЕНТР РАЗВИТИЯ НАУЧНОГО СОТРУДНИЧЕСТВА. Новосибирск, 31 марта 2016 г.
9. Туркбаев А.Б.Регулирование инвестиционной деятельности субъектов малого бизнеса [Текст]/Туркбаев А.Б.// Сборник научных статей по итогам международной научно-практической конференции «Наука сегодня. Ключевые проблемы и перспективы развития». 19-20 декабря 2015г. Санкт – Петербург. С. 172-175.

**Туркбаев Адамбек Борубаевичтин « Кичи ишкердүүлүктү иштетүүнүн жана туруктуу өнүктүрүүнүн экономикалык чөйрөсүн уюштуруу» деген темада**

**08.00.05 – экономика жана эл чарбасынбашкаруудистигибоюнча**

**экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулукдаражасын**

**изденипалууүчүнжазгандиссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ

**Негизгисөздөр:** ишкер, кичи ишкердик, базар, базар алакасы, аймак,каржылообулактары, мамлекеттикбашкаруу, насыяберүү, капиталдыксалымдар.

**Изилдөөнүнмаксаты:** КыргызРеспубликасындагыкичи ишканалардын экономикасынын башкаруунун теориялык-методологиялык жана уюштуруу экономикалык негиздерин изилдөө менен өлкө алкагында кичи ишканаларды өнүктүрүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

**Изилдөөнүн обьектиси:** Кыргыз Республикасынын кичи ишкердүүлүк секторундагы ишканалар жана алардын улуттук экономикадагы орду жана ролу.

**Изилдөөнүн предмети:** кичи ишкердикти жана чарба субъетилерин өнүктүрүү жолдорунун илимий-теоретикалык, уюштуруу-методикалык жана илимий проблемалары.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин** ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын кичи ишкердикти өнүктүрүү багытындагыфундаменталдык эмгектери; системалык, структуралык, логикалык анализдин ыкмалары, кырдаалдык мамилелердин, экономикалык-статистикалык, математикалык жана эксперттик-аналитикалык ыкмалар түзөт.

**Илимий жаңылыгы:** изилдөөнүн жүрүшүндө бизге чейинки окумуштуулардын илимий эмгектерин изилдеп чыгып, курулуш тармагын инвестициялоонун мазмуну жана маъызына бир нече аныктоолор киргизилди. Кыргыз Республикасынын кичи ишкердикти өнүктүрүүгө тиешелүү болгон мүнөздөмө такталды, биздин өлкөдө колдонуу үчүн бир катар чет элдик тажрыйбалар сунушталды. Кичи ишкердикти өнүктүрүүнү жакшыртуунун бир нече жолдору иштелип чыкты жана кичи ишкердикте иш алып барууну кеңейтүүнүн бир нече жолдору сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** айыл чарбасын мамлекеттик жөнгө салууну жана салык салууну өркүндөтүү боюнча изилдөөнүн негизги жыйынтыктары аймактагы агрардык сектордун өнүгүүсү үчүн конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Бул диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык жыйынтыктарын илимий иштелмелерде, ошондой эле, жогорку окуу жайларынын окуу процессинде, экономикалык дисциплиналарды окутууда жана агрардык чөйрө үчүн адистерди даярдоодо атайын окуу программаларын түзүүдө колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Туркбаева Адамбека Борубаевича на тему**

**«__________________________________________________________»,**

**представленной на соискание степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – Экономика и управление народным хозяйством.**

**Ключевые слова:** предприниматель, малый бизнес, рынок, рыночные отношения, источники финансирования, государственное регулирование, кредитование, капитальные вложения.

**Целью диссертационного исследования** является разработка путей развития малого бизнеса в Кыргызской Республике и повышение эффективности их использования.

**Объектом исследования** были выбраны хозяйствующие субъекты малого бизнеса Кыргызской Республики, определены их место и роль в национальной экономике.

**Предметом диссертационного исследования** являются научно-теоретические, организационно-методические и научные проблемы малого бизнеса хозяйствующих субъектов.

**Теоретическую и методологическую основу** исследования составили фундаментальные труды отечественных и зарубежных ученых по теории развития малого бизнеса, методы системного, структурного, логического анализа, ситуационного подхода, экономико-статистические, математические и экспертно-аналитические методы.

**Научная новизна результатов** проведенной работызаключается в следующем: на основе изучения научных трудов предшественников, внесено уточнение сущности и содержания малых предприятий; установлены характерные черты, присущие области малого бизнеса в Кыргызской Республике; рекомендовано применение передового опыта некоторых зарубежных стран, который, по мнению автора, заслуживает внимания, для использования на практике в республике; выявлены резервы улучшения развития; рекомендованы некоторые пути расширения возможностей развития малого бизнеса.

**Практическая значимость диссертационной работы** состоит в научном обосновании и разработке методов создания благоприятных условий для развития малого бизнеса.

**RESUME**

**of dissertation of TurkbaevAdambekBorubaevich on the subject**

**"[redacted]"**

**presented for the degree of candidate of economic sciences, specialty**

**08.00.05 - Economics and Management of National Economy.**


**Keywords:**entrepreneur, small business, market, market relations, sources of financing, government regulation, credit, capital investments.

**The aim of the research**is to develop ways of development of small business in the Kyrgyz Republic and the efficiency of their use.

**The object of the research**is were selected business entities of small business of the Kyrgyz Republic, determined by their place and role in the national economy.

**The subject of the research** is scientific, theoretical, organizational and methodical and scientific problems of small business entities.

**Theoretical and methodological basis**of the research were fundamental works of domestic and foreign scientists on small business development of the theory, methods of system, structural, logical analysis, situational approach, economic-statistical, mathematical and expert-analytical methods.

**Scientific novelty of the research results**is as follows: based on the study of scientific works of predecessors, made clarifying the nature and content of small enterprises; The characteristic features inherent in the small business area in the Kyrgyz Republic; It recommended the use of the best practices of some foreign countries, which, in my opinion, deserves attention, for use in practice in the country; identified reserves of improvement; some recommended ways to increase small business development opportunities.

**The practical importance of dissertation work** is to develop the scientific basis and methods of creation of favorable conditions for small business development.

2016-ж. “___”_________да басууга берилди

Форматы 60х84 1/16 Көлөмү1,6 б.т.
Заказ: № ___ Тираж: 100 нуска.

---

Экономика жанаишкердикуниверситетинин
Ычкам басма борбору,
Жалал-Абад ш.